**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015245 саны менен катталган материал боюнча**

**М А А Л Ы М А Т**

11.07.2021 жылы, Биринчи Май РИИБна "Общее дело" коомдук фондунан маалымат келип түшкөн, ал маалыматта №1248 аймактык шайлоо участкасында (Көлмө жаны конушу) добуш сатуу болушу мүмкүн, анткени шайлоочулар добуш берүүнүн алдында белгисиз адамдарга жолугуп, андан сон автоунааларга ([redacted]) олтурушуп, ал жактан добуш үчүн акы жана көрсөтмө алышып, андан кийин гана шайлоо үчүн барышканы айтылган.

Аталган факт Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын МЭЖна 11.07.2021 жылы 02-002-2021-015425 саны менен катталаып, текшерүү иштери башталган.

Окуя болгон жерге Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнун документтештирүү тобу барып, жогоруда корсотулгон аймактык шайлоо участкасынын жанынан мамлекеттик номуру [redacted] болгон "Мерседес-Бенц [redacted]" үлгүсүндөгү автоунааны кароо жүргүзгөн учурда, кандайдыр бир шектүү буюмдар жана акча каражаттары табылган эмес, ал эми мамлекеттик номуру [redacted] болгон "Лада Приора" автоунаасы ал аймактан табылган эмес.

Бул факт боюнча суралган [redacted], 2021-жылдын 11 июль куну болжол менен саат 12:30 чамасында Бишкек шаарынын Колмо ж/к Жениш көчөсүнүн [redacted] дарегинде жайгашкан №1248 шайлоо участогунаи өзүнө тиешелүү мамлекеттик номуру [redacted] болгон "Мерседес-Бенц [redacted]" үлгүсүндөгү автоунаасы менен шайлаганы келгенин, өзү инвалид болгонуна байланыштуу автоунаада олтурган кезде, Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнын милиция кызматкерлери келип автоунааны текшерип карашып, мыйзам бузуу аныкташпаганын, эч кандай добуш сатуу фактысына байланышы жок, жана андай нерсени байкабаганын көрсөткөн.

Бул факт боюнча суралган [redacted], 2021-жылдын 11 июль куну болжол менен саат 13:00 чамасында Бишкек шаарынын Колмо ж/к Жениш көчөсүнүн [redacted] дарегинде жайгашкан 1248 шайлоо участогуна шайлаганы келгенин, ал жерде мамлекеттик номери [redacted] болгон "Мереседес Бенц [redacted]" автоунаасынын жанында турганын, ал жерден кандайдыр бир мыйзам бузууну байкабаганын билдирген.

Жогорудагылардын негизинде аталган фактыда кылмыштын, жоруктун жана бузуунун курамы жоктугуна байланыштуу номенклатуралык ишке эсептен чыгарылган (НД саны: №002-2021-005177).

**Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБнын ТКы**